# ЭТНОПЕДАГОГИКА В МЕДИЦИНЕ

**Шабданбаева Ж.**

**КГМА им. И.К. Ахунбаева**

**Аннотация**. *Кыргызский народ древний народ, великий народ. Это величие передается через традиции и обычаи народа. В этой сфере профессиональная медицина вместе с обычаями параллельно смешавшись впиталась в кровь народа и приручила людей к чистоте. В этой статье хотели изучить эту область.*

**Ключевые слова***: этнопедагогика, древние люди, традиции, наследие, национальная культура, общество, научно-практический.*

# ETHNOPEDAGOGY IN MEDICINE

**Shabdanbaeva Zh, teacher**

**KSMA named after I.K. Akhunbaeva**

**Abstracts.** *Kyrgyz people are ancient people, great people. This greatness passes through traditions and customs of the nation. And in case professional medicine, simultaneously mized with customs, is absorbed into nations blood and tames people to neatness. In this article we try our best to study this theme.*

**Key words***: ethnopedagogy, ancient people, traditions, heritage, national culture, society, scientific and practical*

**Киришүү**. Нечендеген кылымдарды карытып, элдин канына сиңип, ошол күндөн ушул күнгө чейин адамзат тарыхында көөнөрбөс мурасыбыз ата-салты, эне- адеби жашап келет. Тарбиялык мааниси күчтүү макал-лакаптар, каада-салт, үрп-адаттар, дастандар, санаттар, эпостор, жомоктор элибизди рухий жактан байытып, жаштардын улуттук көз караштарын кеңейтип келет. Элдик педагогика кийинки муундарды эмгекке, адептүүлүккө, ыймандуулукка, улуу-кичүүнү сыйлай билүүгө атанын, эненин, бир туугандын баркын билип, аларга урмат менен мамиле кылууда чоң кызмат аткарат [1].

Дүйнө элдеринде этнопедагогикалык тарбия берүү күчтүү өнүккөнүн билебиз. Улуу орус педагогу К.Д. Ушинский өзүнүн эмгектеринде: “Кайсы улут болсо дагы элдик таалим-тарбия иштерине басым коюшсун, өз улутунун салттарын тарбиялоо, билим берүү процесстерине аралаштырсын”- деген омоктуу оюн айткан. Ошол элдердин ичинде кыргыз этнопедагогикасы да сыртта калган эмес. Үй-бүлөдө, акыл-эсти өстүрүүгө, дене-бойду калыптоого тарбиялоо, коопсуздукту сүйө билүүгө үйрөтүү боюнча элдин педагогикалык ойлору өтө эле көп. Анын бирден-бир негизги себеби, коомду таза сактоо, адамзаттын эртеңкисине тынчсыздануу. Демек, этнопедагогиканын негизги максаты – элдин эне тилин, үрп-адатын, каада-салтын, улуттук маданиятын, этникалык аң-сезимин жоготуп алуу коркунучунан келип чыккан.

Кыргыз этнопедагогикасын системалуу түрдө изилдеген окумуштуу А.Алимбеков “Кыргыз этнопедагогикасы”, “Кыргыз элинин билим берүү салттары” деген китептеринде улуттук этнопедагогиканын спецификасын, предметин, мазмунун, ички чөйрөсүн толугу менен окуп чыгып, анын илимий-практикалык географиясын, изилдөө чектерин, илимий-практикалык маанисин ар тараптуу түшүнүү үчүн аларды классификациялаган. Биз сөз

кыла турган этнопедагогикадагы медицина анын бир бөлүмүндө ден соолукту сактоо, чыңдоо деп берилген. Ал эми дагы бирөөндө үй-бүлө, урук, уруу, коом, эл адамзат турмушу орун алган [5].

Медицинада улуттук педагогиканын түбү тереңде сакталып, кийинки муундарды көптөгөн ыпылас нерселерден арачалап турат. Кыргызда жети атаны билүү парз. Бул боюнча элибиздин сыймыгы болгон Ч.Айтматов "Менин Мекеним" аттуу эскерүүсүндө "Биздин айылдын абышкалары ар бир баладан: "Кана, жети атаңды айт!"деп катуу талап менен сурашаар эле, элдин акыл-эс мурасы да, муундардын байланышы да мына ушуга негизделген. Бул жөнүндө мен "Ак кеме" повестимде бала менен машина айдаган казак жигит экөөнүн аңгемелешүүсүндө айтууга аракеттенгем. Турмушта жети атасын билбей эле жашап жүргөн адамдар бар экенине бала аябай таң калат... Бул өзүбүздөн мурда жашап өткөндөрдү эстөөгө жана алардын кадыр-баркын төмөндөтпөөгө бизди - кийинки муундарды милдеттендирет"- деп айтканы бар. Чындыгында ар бир кыргыз жигити үчүн аталарын беш колундай билип, алардын аттарын токтолбостон санап бериши шарт. Аларды сыймыктануу менен, ызаттоо менен жатка айтып берүүсүндө улуттук каада-салтыбыздын, үрп-адатыбыздын башаты, фундаменти курулат. Уул баланын кичинесинен чоңойгонуна чейинки берилген бул суроонун тереңинде улам кийинки муундарды акыл-эссиздиктен, кем төрөлүүдөн сактаган тынчсыздануу катылып жатат. Себеби, жети ата өтмөйүнчө ал уруудан кыз албоо керек. Кандын жакындыгы тубаса майыптыкка көптөгөн бойдон түшүүлөргө, тукумсуздукка, генетикалык ооруларга, акыл-эстин кемчилдигине, мүчөлөрүнүн кем төрөлүүсүнө алып келерин бүгүнкү медицина тастыктап отурат.

Белгилүү сүрөтчү Тулуз-Лотрек, байыркы дворян үй-бүлөсүнөн чыккан. Анын ата-энеси жакын туугандардан болгон б.а. аталаш ага-карындаш болгон. Мындай жакын тууганддыктын натыйжасында Тулуз-Лотрек майып болуп төрөлгөн. Анын каймана аты "Бөбөк" (Малыш) болгон, себеби анын бою өтө кичинекей, башы чоң болгон. Майыптыктын айынан араң баскан. Ден соолугунун өтө начар болушунун натыйжасында ал болгону 37 жыл гана өмүр сүргөн, бирок ал дүйнөлүк искусствого өзүнүн оригиналдуу чыгармаларын жаратуу менен маанилүү салым кошкон.

Ал эми дүйнөнүн жарымын басып алган Адольф Гитлер дагы мына ушундай жакын туугандыктын натыйжасында жарык дүйнөгө келген. Анын атасы менен апасы өтө жакын тууган болгон. Гитлердин апасы атасынын бир тууган жээни болгон, башкача айтканда эжесинин кызы болгон. Өзүнүн тегин жакшы билген Гитлер ата болуудан өтө корккон. Себеби, Гитлер өзү дагы өзүнүн жээни Гели Раубалды сүйгөн.

Байыркы Египедте фараондор "ыйык канды" башка кан менен аралаштырбаш үчүн бир тууганадарына үйлөнүшкөн жана тууганынан башка адамга үйлөнүүгө тыйуу салынган. Мунун натыйжасында дүйнөгө белгилүү каныша –Нефертити бийик баш кийим кийип жүрүүгө аргасыз болгон, анын баш сөөгүнүн арткы бөлүгү кадимкиден эки эсе узун болгон.

Ал эми анын күйөөсү Эхнатон (Тутунхамон) дагы майып болгон. Болгону ал 18 жыл жашаган. Анын омурткасы сенек болуп катып калган. Бурулуш үчүн бүтүндөй денеси менен бурулган. Булардын бардыгы медицинада кан аралаштыруунун (жакын тууганддардын никеге туруусу) себеби катары далилденүүдө[2].

Бүгүнкү күндө да дүйнө жүзүндө мусулман өлкөлөрүндө жакын тууганддардын үйлөнүүлөрүн көрүүгө болот. Пакистанда бул көрүнүш 70%га жетсе, Англиядагы эмигрант пакистандыктардын жарымы аталаш карындаштарына үйлөнүшкөн. Ал эми Данияда болсо мындай үйлөнүүлөр 40% түзөт. Эң өкүнүчтүүсү Сауд Араб өлкөлөрүндө 67%, Иордания менен Кувейтте 64%, Суданда 63%, Иракта 60%, Бириккен Араб Эмираттарында 54% [3].

Байыркы ата-бабалардын акыл-эсине сиңирилип, коомчулукта кабыл алынып, жалпы журтка эреже катары колдонулуп келген, эл сыйлаган салттарыбыз жөнүндө сөз

болгондо медицинада өзүнчө мааниси бар, адамдар тарабынан колдоо тапкан сүннөткө отургузуу салты жашап келет. Элдик ырым-жырымдарда баланы сүннөткө отургузуу абдан олуттуу каралган жана ага чоң маани берилген. Улуттук аң-сезимде баланы сүннөткө отургузуу дин менен байланыштуу каралып, мусулмандык парз аткаруу катары эсептелген. Ата-энеси тууган-уруктарын чакырып, чоң той өткөрүп, элдин батасын алып, “уулубузду чыныгы мусулман кылдык” деп кубанышкан. Ырымын кылган аксакалга колунан келишинче сый көргөзүшкөн.

Ал эми медицина илиминин көз карашынан алып карай турган болсок, сүннөткө отургузуу азыркы убакта кеңири таралган хирургиялык операция болуп саналат. Медициналык тил менен айтканда “циркумцезия” деп аталат. Ал эркек балдардын жыныстык мүчөсүнүн ашыкча терисин хирургиялык жол менен алып салуу дегенди түшүндүрөт. Сүннөткө отургузуу көптөгөн оорулардын алдын алуу менен бирге, фимоз, парафимоз өңдүү ооруларга чалдыгуу коркунучунун, башкача айтканда, эркек баланын жыныс органынын ашыкча терисинин сезгенүүсүнүн алдын алат. Мында жыныстык мүчөсү шишип, заара кылалбай калышы мүмкүн [4].

Мурда молдолор, айыл аксакалдары эч кандай оорутпоочу каражаттарды колдонбостон, үй шартында сүннөткө отургузушкан. Анда инструмент жалгыз гана бычак болгон, канаган кан тамырлар байланбай, гигиеналык жактан талапка жооп бербей калган. Ал эми азыр каада-салт катары той өткөрүлүп, балага куттук айтып, бата берилгени менен баланы хирургиялык жол менен сүннөткө отургузуп калышты. Анткени хирургиялык жол менен жасалган сүннөт таза, коопсуз болот. Хирургиялык инструменттер стерилизацияланат, жыныс органы дезинфекцияланат, ошондой эле кесилген кан тамырлар тигилип, бат сакайганга шарт түзүлөт. Сүннөткө отургузуу биринчиден, онкологиялык оорулардын алдын алуудагы эффективдүү профилактика болуп саналат, экинчиден таза болот.

**Жыйынтык:** Ошол кезде динде дагы, каада-салт, үрп-адатта дагы тазалыкты, гигиенаны билип, адамдар медицина жаатында түшүнүгү болгон деп айтууга толук негиз бар.

## АДАБИЯТТАР:


1. Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: элдик салт.-Б.:Баласагын, 1993, 44-б.
2. Бобулов К. Фольклор жана адабият.-Ф.: Кыргызстан,1980, 98-б.
3. Волков Г.Н. Педагогика жизни.- Чебоксары:1990, 56-б.
4. Исаков Б. Манастын жети осуяты. –Б.:1997, 33-б.
5. Кыргыз педагогикасы: энциклопедиялык окуу куралы.- Б.:2004,81-б.


**РЕЦЕНЗЕНТ:**

п.и.к., доцент, Абдырасулова Э.К., И.К. Ахунбаев атындагы КММА